# Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Билим башаты-Тарбия
2. Аралыктан кийинки билим сапат
3. Ар кандай маселелер

# Билим башаты-тарбия


Коомчулук
Ата-Эне
МЕКТЕП
Ийгил
иктүү
бала

# Балага

**Мектеп + ата-эне + коомчулук үчилтиги аркылуу-- таалим тарбия берилет.**



# Балдарга тарбияны ким берет?

**Ата-эне**



**Чөйрө**



**Мектеп**



**Урматтуу, ата-энелер!**

**Балдарыбыздын келечекте туура багыт алуусу жана мыкты инсан болуп калыптануусу үчүн илим-билим жана туура тарбия берүү зарыл.Канаттууга анын эки канаты кандай кызмат кылса,инсанга илим жана тарбия так ошондой зарыл.**

**Илим** -бул адам баласынын аң сезимин өстүрүп ар кандай кесип ээси болгонго жана бул жашоодо башкалардан кем болбой өз оокатын таап жегенге мүмкүнчүлүк берет

**Тарбия** -бул инсандын адебин жакшыртып, ага жашоодогу эң керектүү адамгерчиликтүү сапаттарга үйрөтөт

**Туура тарбия берүү**

**Айрым ата-энелерге “Балаңызга кандай тарбия берип жатасыз ?”- деп суроо узатылып калса,”мен баламды эч нерседен кем кылган жокмун,курсагы ток кийими бүтүн үстүндө үйү жана астында машинасы бар ” деген жоопту угуп келебиз.Бирок биз балдарыбызга жашоодогу муктаждыктарын чечип берип,тарбия берүүнү унутта калтырабыз**

Балдарды тарбиялоо менен биз өлкөбүздүн келечегине чоң салым кошуп жатканыбызды унутпайлы. Себеби даанышмандар “Кайсы  элдин жаштары тарбиялуу жана күчтүү болсо, ошол элдин келечеги кең” -деп айтып келишкен.



Баланы тарбиялоодо

- сабырдуулук
- чынчылдык
- кайрымдуулук

# Сабырдуулук

- булсапат тарбиянын эң керектүү сыпаттарынын бири.Кыргызда „сабырдын түрү сары алтын” дейт Балдарыбызды сабырдуу болууга кичинесинен үйрөтүүбүз зарыл.Турмушта ар кандай кыйынчылыктар болуп калса, эң биринчи өзүбүз сабырдуу болуп,аларга үлгү болууга аракет кылуубуз керек.

# Чынчылдык

« Калптын казаны кайнабайт»- дейт элибизде. Ак барак сымал таза өспүрүмдөрүбүзгө чынчылдык деген сапатты кантип үйрөтүп жатабыз? Азыркы учурда көпчүлүк ата-энелер балдарыбызды көнүмүш жаман адаттарга жалганчылыкка байкабастан үйрөтүүдө. Мисалы,эшикти такылдатып бирөө келсе,үйдө туруп “Мени жок деп кой” дейбиз , телефон аркылуу соо туруп “Ооруп жатам үйдөн чыкпай жатам , жатып калдым” жана башка ушул сыяктуу көптөгөн туура эмес корүнүштөрдү жасайбыз.Мунун баары аларга болгон туура эмес тарбия болуп эсептелет.

# Кайрымдуулук

**Экономикалык абалыбыз жана жашоо шартыбыз жакшы болуп туруп, элибизде карылар үйлөрүнүн ачылышы жана ал жерлерде биздин ушундай жакшы жашоого жетишибизге, биз үчүн ар дайым күнү-түнү дебей эмгектенип, карыганда балдарынын урматын көрсөм деген ата-энелерибиздин ташталуусу жүрөктү оорутпай койбойт. Эгер биз балдарыбызды азыртан кайрымдуулук сапатына үйрөтө турган болсок,анда келечекте ата-энесине, бир тууган жакындарына жана жалпы эле эли-журтуна жакшы караган атуул болуусуна чыйыр жол салган болобуз.**





# Урматтуу ата-энелер !

**Бүгүнкү ата-энелер чогулушунда Сиздер менен Ата-энелердин баланы тарбиялоодогу жети катасы менен тааныштырып кетейин:**

1 . Балдарга тобекелчиликке барууга мүмкүнчүлүк бербейбиз.

2 Жардам берүүгө тез аралыкта бой таштайбыз.

3 . Балдар менен абдан жеңил кубанабыз.

# Урматтуу ата-энелер !

4.Баланын күнөөсүн анын жакшы жүрүм-туруму менен “жууп” койгонго уруксат беребиз.

5. Өзүбүздүн мурда кетирген катачылыктарыбыз тууралуу ой бөлүшпөйбүз.

6. Акыл-эс менен зээндүүлүктү бой жеткендикке алмаштырып адашабыз.

7. Балага үйрөткөн нерсени өзүбүз жасайбыз.

# Ата-энелерге кеңештер

- Балдарыңыздарга жакшы үлгү көрсөтүңүз.
- Балаңыз окуган мектепке тез-тез барып туруңуз
- Балага сыналгыда көрсөтүлүп жаткан зомбулук тууралуу айтып бериңиз.
- “Мен сени жакшы көрөм” деген сөздүн маанилүүлүгүн баалабай коюуга болбойт.
- Балдарыңыз менен зомбулук темасында сүйлөшүңүз.
- Баланы уруп-согууга болбойт,

**Балага тарбия берүү -көчөт тигип, аны мөмө берген бак кылып өстүрүү сымал. Эгер көчөттү өз убагында туура карабасаң, анда ал жакшы мөмө бербейт, аркандай курт-кумурскалар зыян келтирет же куурап жок болуп калат**



